**«БЕКИТЕМИН»**
**Кыргызстан ислам университетинин**
**ректору Нарматов А.И.**

_______________

“ 10 ” 06 2021-ж.

# ОКУУ-УСУЛДУК ДОКУМЕНТТЕРДИ ЭКСПЕРТИЗАДАН ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарына ылайык, билим берүү программаларынын: окуу пландарын, окуу дисциплиналарынын жумушчу программаларын (мындан ары – окуу-усулдук документтер) иштеп чыгуу жана бекитүү билим берүү компетенциясына кирет.

1.2. Окуу-усулдук документтердин долбоорлорун иштеп чыгууну ректордун же билим берүү жаатындагы ректордун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн тапшырмасы менен профессордук-окутуучулар курамы (окуу иштери боюнча проректорлор, окуу бөлүмүнүн башчылары, кафедра башчылары жана башка педагогикалык кызматкерлер) жүзөгө ашырышат.

1.3. Профессордук-окутуучулар курамдын ар бир кызматкери өзү демилгелеп даярдаган окуу-методикалык документтердин долбоорун (окуу планы, окуу сабактарынын жумушчу программасы ж.б.) кафедранын окуу-усулдук комиссиясынын төрагасы, окуу-усулдук кеңештин төрагасы же окуу иштери боюнча проректору сыяктуу тиешелүү органдарга жөнөтүүгө укуктуу.

1.4. Долбоордун автору болгон Профессордук-окутуучулар курам өзүнүн долбоорун кароо үчүн окуу-усулдук комиссиянын, окуу-усулдук кеңештин жыйындарына катышууга, сынактын натыйжалары менен таанышууга укуктуу, эксперттердин корутундулары менен макул болбогон учурда КИУнун ректоруна тиешелүү кайрылуу жөнөтө алышат. Мындан сырткары кошумча экспертиза же тышкы экспертиза өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

## 2. Билим берүү программаларынын окуу пландарын

**экспертизадан өткөрүү тартиби**

2.1. Билим берүү программасынын окуу планын экспертизадан өткөрүү жараяны декандын (кафедра башчысынын) аткаруусунда ректор же анын ыйгарым укуктуу өкүлү – кызматтык адам тарабынан бекитилген форма боюнча төмөнкү таризде ишке ашырылат:

- буйрукта көрсөтүлгөн өлчөмдө ректордун же анын ыйгарым укуктуу өкүлү – кызматтык адамынын тапшырмасы боюнча долбоорду иштеп чыгууда;
- өз демилгеси менен окуу планында көрсөтүлгөн сабактардын жумушчу программаларынын толук комплексинин долбоорун иштеп чыгууда.

2.2. Билим берүү стандарттарына жана талаптарына, КИУнун локалдык актыларына шайкештигин аныктоо үчүн окуу планынын долбоорун экспертизадан өткөрүү окуу-усулдук кеңеши тарабынан уюштурулат. Экспертиза ректордун буйругу менен дайындалган жумушчу топ тарабынан жүргүзүлөт. Ошондой эле башка кызматкерлердин же башка адамдардын арасынан эксперттерди тартууга да болот.

2.3. Билим берүү программасынын мазмунун жана педагогикалык технологиялардын колдонулушун билим берүү программасында окутуунун максаттарына шайкештигин экспертизадан (текшерүүдөн) өткөрүү үчүн окуу иштери боюнча проректор окуу планын окуу-усулдук комиссиялардын, усулдук кеңештердин кароосуна жөнөтөт жана зарыл болсо, тышкы экспертизаны уюштурат.

2.4. Билим берүү программасында керектүү ресурстардын болушу жана ошол ресурстарды натыйжалуу пайдалануусун, ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн жана максатка ылайыктуулугун аныктоо үчүн окуу иштери боюнча проректор окуу пландарын КИУнун билим берүү программаларын ишке ашырууну камсыз кылууга жооптуу кызмат адамдарынын экспертизасын уюштурат жана зарыл болгон учурда тышкы эксперттерди жардамга чакырат.

2.5. Экспертизанын жыйынтыгынын негизинде окуу иштери боюнча проректор төмөнкүлөргө укуктуу:

- окуу планынын КИУнун Окумуштуулар кеңешине кароосуна киргизүү;
- алынган эксперттик корутундуларды тиркөө менен окуу планынын долбоорун кайрадан иштеп чыгууга жөнөтүү;
- окуу планынын долбоорун четке кагуу.

2.6. Окуу-усулдук комиссиялардын, усулдук кеңештердин талкуусунан өтүп, КИУнун Окумуштуулар кеңешине тарабынан канааттандырылган билим берүү программасынын окуу планынын бекитүү үчүн окуу иштери боюнча проректору аркылуу КИУнун ректоруна жиберилет.

2.7. Ректордун буйругу менен бекитилген бардык окуу пландары ушул Жободо көрсөтүлгөн тартипте бекитилгенден кийин гана күчүнө кирет.

## 3. Билим берүү программаларына жана окуу-усулдук документтерге тышкы экспертизаны уюштуруу тартиби

3.1. Билим берүү программаларына жана окуу-усулдук документтерге тышкы экспертиза төмөнкүдөй таризде жүргүзүлөт:

- билим берүү ишин жүргүзүү укугуна ээ болгондо (лицензиялоо), билим берүү программаларында студенттерди окутуунун сапатын жана мазмунун мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкештигин текшерүү – көзкарандысыз аккредитациядан өтүү;
- билим берүү программасынын кесиптик жана коомдук, анын ичинде эл аралык аккредитациясын өтүү;
- башка зарыл учурларда, анын ичинде ушул Жободо каралган башка учурлар.

**Түзгөн:**
**Гуманитардык билимдер**
**факультетинин деканынын м.а.** **Ш. Исмаилов**